ТҮРК ТИЛДҮҮ ӨЛКӨЛӨРДҮН ПАРЛАМЕНТТИК АССАМБЛЕЯСЫ

---

## СОЦИАЛДЫК, МАДАНИЙ ЖАНА ГУМАНИТАРДЫК МАСЕЛЕЛЕР БОЮНЧА КОМИССИЯ

## ТОГУЗУНЧУ ЖЫЙЫН

*2022-жыл 22-апрель, Баку*

## “ТҮРКПА ӨЛКӨЛӨРДӨ СОЦИАЛДЫК ИШКЕРДИКТИ КОЛДОО”

## СУНУШТАМА

Парламенттик Ассамблея:

Социалдык өнүгүү коомдогу ар бир адам максималдуу потенциалына жете алышы максатында алардын бакубаттуулугун жогорулатууга багытталган деген глобалдуу тезисти ***эске алуу менен***;

Социалдык ишкердикти өнүктүрүү 2030-жылга чейин Күн тартибинин татыктуу эмгек жана экономикалык өсүш (ТӨМ 8) жана теңсиздикти кыскартуу (ТӨМ 10) чөйрөсүндөгү Максаттарынын негизги индикаторлоруна жетишүүгө мүмкүндүк бериши керектигин ***түшүнүү менен***;

Калктын социалдык жактан корголбогон катмарын коомдук жыргалчылыкты өндүрүү процессине тартуунун, аларга коомдук мамилелердин системасына интеграциялануу жана коомдук турмушка тартылгандыгын сезүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуунун маанилүүлүгүн ***белгилеп***;

COVID-19 пандемиясынын адамзаттын турмуш-жүрүшүнө, өзгөчө калктын социалдык жактан аялуу катмарына өтө олуттуу терс таасирин тийгизип жатканын ***белгилеп***;

Калктын социалдык жактан аялуу катмарын ишкердикке тартышы, алардын жашоосун туруктуу өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды жогорулатуунун жолу экендигин ***ырастап***;

ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн кызматташтыгынын артыкчылыктарын ишке ашыруу, алардын маалымат алмашуу жана калктын социалдык жактан аялуу катмарынын жашоосун жакшыртууга жана жеңилдетүүгө багытталган биргелешкен аракеттерди ишке ашыруусун ***түшүнүү менен***;

Туруктуу өсүштүн жана экономикалык өнүгүүнүн маанилүү элементи катары социалдык ишкердикти стимулдаштыруу муктаждыктарын ***таанып***;

Парламенттер жана парламентарийлер мыйзамдарды кабыл алуу, бюджеттерди бекитүү, ресурстарды мобилизациялоо аркылуу улуттук экономиканын социалдык секторунда маанилүү роль ойноорун ***түшүнүү менен;***

Социалдык ишкердикти институционалдык, инфраструктуралык жана финансылык жактан колдоо көрсөтүүдө мыйзамдар жагынан парламенттердин негизги ролун ***эске алуу менен***;

ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн парламенттерине **сунуш кылат:**

a) ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн мыйзамдарын шайкеш келтирүү жана жакындаштыруу менен бирге социалдык ишкердиктин маселелерин караган укуктук базаны *өркүндөтүү*;
b) ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн аймагындагы калк арасында ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн коомдук уюмдарынын демилгелерин таануу жана коомдо социалдык ишкердик концепциясын жайылтуу боюнча түшүндүрүү иштерин *жүргүзүү*;
c) COVID-19 пандемиясы сыяктуу форс-мажордук жагдайларды эске алуу менен, ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн ар кандай мамлекеттик түзүмдөрүнүн ортосундагы айрыкча мыйзам чыгаруу тармагында, социалдык ишкердик демилгелерин колдоо үчүн кызматташтыктын *жолдорун табуу*;
d) ортомчу жана колдоочу уюмдардын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда социалдык ишкердик жөнүндө бирдиктүү түшүнүктү калыптандыруу жана аларды колдоо үчүн социалдык ишканалардын продукцияларын жана кызматтарын сатып алууга мамлекеттик жана жеке секторлордун каражаттарын тартуу боюнча иш-чараларды мыйзам деңгээлинде *бекитүү*;
e) ТүркПА мүчө өлкөлөр менен социалдык ишкердик чөйрөсүндө салыктык стимулдаштыруунун натыйжалуу саясатын жана иш

менен камсыз кылууну колдоо пландарын түзүү жана тиешелүү тажрыйба алмашуу багытында кызматташууну *өнүктүрүү*;

f) социалдык ишкердик саясатын иштеп чыгууда инклюзивдик жана ийкемдүү мамилени кабыл алуу жана бюрократиялык тоскоолдуктарды же ишке ашыруудагы каталарды жоюу үчүн эксперттер жана юристтер арасында үзгүлтүксүз консультацияларды *өткөрүү*;

g) ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн тиешелүү чөйрөдөгү мыйзамдарын жакындаштыруу максатында тиешелүү документтерди чогултуу жана талдоо, аялдар, жаштар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн социалдык ишкердик программаларын натыйжалуу пайдаланууга байланышкан улуттук жана эл аралык тажрыйбаны *изилдөө*;

h) ТүркПА мүчө өлкөлөр арасында социалдык ишкердик жааттагы билим деңгээлин жогорулатуу, экономиканын бул сегментине жаңы акторлорду тартуу жана коомдо маалымдуулукту жогорулатуу максатында, социалдык ишкердик чөйрөсүндө билим берүүнү жогорку билим берүү тутумунда да, мектеп деңгээлинде да жайылтуу, ошондой эле корпоративдик (социалдык) жоопкерчилик, инклюзивдик ишканалар, социалдык жана тилектештик экономикасы, туруктуулук, венчурдук филантропия сыяктуу маселелерди камтыган дисциплиналар аралык изилдөөлөрдү *жүргүзүү*;

i) социалдык ишкердик чөйрөсүндөгү изилдөөчүлөргө жана практиктерге жардам бере турган маалыматтарды *чогултуу* жана *жайылтуу,* жана ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн тиешелүү тармактагы кызматташуусуна *артыкчылык берүү*.